“Бекитемин”
Колледждин директору
___________ М. Ураимов
“ 15 ” 09 ______ 2020-жыл

**Т. Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык, инновация жана экономика колледжинин «Жылдын мыкты окутуучусу» кароо-сынагынын ЖОБОСУ**

**Кароо-сынактын максаты:**

Колледждин окутуучуларынын окуу-методикалык иштеринин сапатын жогорулатуу, чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн өнүктүрүү. Электрондук техника жана санариптешүү боюнча окутууга жетишүүсүн өркүндөтүү. Билим берүүнүн жаңы технологияларын өздөштүрүү жана изденүүчүлүк дараметин артыруу, эң жакшы окутуучулардын тажрыйбаларын жайылтуу жана аларга колдоо көрсөтүү.

**Кароо-сынактын катышуучулары.**

Сынакка жалпы билим берүү жана атайын кесиптин окутуучулары колледжде иштөө тажрыйбасына карабастан катыша алат.

**Кароо-сынакты өткөрүүнүн шарттары:**

Кароо-сынак 2 тур менен өткөрүлөт.

1-турда

- катышуучулардын жеке документтерин кароосу.
- ар бир катышуучу инновациялык усул, техникалык каражаттарды колдонуу менен көрсөтмөлүү сабак өтүүсү.

2-турда

Катышуучулар өздөрүнүн дисциплиналарынан коллегаларына мастер-класс көрсөтүшөт.

- өзүн-өзү чыгармачыл тааныштырышат.
-жеке кызыгууларын көрсөтүшөт.

**Кароо-сынакты жыйынтыктоо.**

Калыстыкты камсыз кылуу максатында колледждин усулдук кеңешмесинин мүчөлөрү тарабынан 5 адамдан турган калыстар тобу директордун буйругу менен бекитилет. Калыстар тобунун мүчөлөрү талдоо жүргүзүп, баа коюшат, сынактардын жыйынтыгы боюнча чечимдерди чыгарышат. Калыстар тобунун мүчөлөрү өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө сынакты негиздөөчүлөр бекиткен жана ушул Жободо жазылган *баалоо критерийлерин* колдонушат.

**Калыстар тобу Жобонун негизинде иш алып барат.**

«Жылдын мыкты окутуучусу» болуп бардык пункт боюнча жогорку баа алган катышуучу эсептелет.
Кароо-сынактын критерийилери тиркемелерде берилет.
1-тиркеме.

| **Ачык сабакты баалоонун критерийлери** | **Баллдар (3-2-1)** |
|---|---|
| -тематиканын актуалдуулугу;<br>-практикалык мааниси;<br>-сабакты өткөрүүнүн оргиналдуу ыкмасы<br>-сабактын мазмунунун жеткиликтүүлүгү;<br>-окутуунун активдүү ыкмаларын колдонуу;<br>- студенттерди сабакка тартуу жөндөмдүүлүгү :<br>-сабактын усулдук иштелмеси; | |

| | |
|---|---|
| -Окутуунун инновациялык технологиясын колдонуусу; | |

2-тиркеме.

| **Өзүн-өзү тааныштыруунун баалоонун критерийлери** | **Баллдар (3-2-1)** |
|---|---|
| **- педагогикалык чеберчилик менен жөндөмдүүлүк<br>- тартуу логикасы<br>- тематикалык мазмуну** | |

| **Мастер-классты баалоонун критерийлери** | **Баллдар (3-2-1)** |
|---|---|
| 1.Кесиптик чеберчилик жана мастер-класстын тандалган темасы, өткөрүү формасы, социалдык мааниси.<br>-мазмунун оргиналдуулугу<br>-аудитория менен байланышы | |
| 2. Педагогикалык чеберчилиги<br>Эмоцианалдуулугу<br>Аудитория менен өз ара мамилеси<br>Жөндөмдүүлүгү | |